**“Акыркы ыр” ( Шагым сынды)**

Сөзү: Шайлообек  Дүйшеев

Обону: Түгөлбай Казаков

Гүлдөрүм калар жыт чачып турган

Күндөрүм калар кут качып турган

Көк асман калар көзүмдөн мөлт деп

Көр оокат калар кыстатып турган

Көл калар көздүн жашындай тамган

Көп сырлар калар ачылбай калган

Каламым калар канатсыз куштай

Кагазым калар жазылбай калган

Закым жел калар артыман жетпей

Заманым калар баркыма жетпей

Оюлган көрдүн түбүндө чирип

Ойлорум калар калкыма жетпей

Дубалга такап аткандар калар

Душман мени саткандар калар

Тоолорум калар каркыра жыттуу

Торгойлуу талаам ак таңдар калар

Ала -Тоом калар атамдай болгон

Ата Журт калар мазардай болгон

Ырлары калар ыргыгы оңуп

Ысык -Көл калар апамдай болгон

Сүйгөнүм калар Ай жолунда

Сүрөтүм калар альбомумда

Арманын сүйрөп алганым калар

Алтын баш калар тар коңулда

Жалаа жаап булгап жүргөндөр калар

Жамандап мени күлгөндөр калар

Карарган көрдүн түбүнөн чыкпай

Кайран баш эми күн көрбөй калар

Ыраңдар калар салкындап баскан

Ысык- Көл калар каркыдап каздар

Кызыл гүл калар күз келбей соолуп

Кыргыз жер калар калкылдыап жаткан...